УДК: 8021.512.161 (575.2) (04)

***Бозкурт Ремзи,***
*Бишкекский гуманитарный университет*
*Email: bozkurt2023@mail.ru*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ АДАБИЯТЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ КААРМАНДАРДЫН БИРИ – АЛДАР КӨСӨ

***Аннотация:*** *Алдар Косе, в который в является древним юмористом в киргизкой устной традиции, также признается в качестве поэта. Имеются некоторые исторические данные утверждающие существование Алдара Косе. Тем не менее, информацию об Алдар Косе, мы узнаем в устных рассказах которые дошли до нас. Эти анекдоты и сказки дошедшие до сегодняшнего дня, имеют смыслы присущий тому или иному оттенку Тюркских народов. Таким образом и произошли анекдоты и рассказы Алдара Косе.*

***Ключевые слова****: юмор, юморист, сказка, басня, турецкий племя, анекдот, устная литература.*

***Аннотация:*** *Алдар Көсө – кыргыз оозеки чыгармачылыгында байыркы мезгилдерден бери жашагандыгы айтылып келген куудул болуп акындар арасында да акын катары кабыл алынган каарман. Алдар Көсөнүн тарыхта жашаган киши экендигин айткан булактар да бар. Бирок Алдар Көсө тууралуу маалыматты күнүбүзгө чейин баяндалып келген ага тиешелүү тамашалардан, жомоктордон алабыз. Бул тамаша жана жомоктор азыркы мезгилге чейин жетип келгени менен бирге, аларга ар бир түрк эли өзүнүн жашоо түшүнүгүнөн да бир нерселерди кошумчалаган. Натыйжада азыркы күндө бүтүн түрк элдери тааныган жана билген Алдар Көсө тамашалары жана окуялары пайда болуп жатат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тамаша, куудул, жомок, тамсил, түрк элдери, анекдот, оозеки адабият.*

***Abstract.*** *Aldar Kose, which is an ancient Kyrgyz humorist in the oral tradition, recognized as a poet in the history of poetics. B Some sources claim that Aldar Kose live in history. However, information about Aldar Kose, we learn Walsh just stories that have come down to us. These anecdotes and fairy tales have come down to the present day, at the same time every Turkish tribe said to him with his conception of the meaning of life. As a result, anecdotes and stories Aldar Koso who knows everything.*

***Key words:*** *Humor, humorist, fairy tale, fable, Turkish tribe, anecdote, oral literature.*

Кыргыз оозеки адабиятынын тарыхында элге таанымал болгон эң байыркы куудулдарды изилдегенибизде, эң алдыңкы орунда Алдар Көсө тураарын байкайбыз. “Ушундай эле бүгүн легенда катары илимге белгилүү маалыматтарга караганда санжырачылык өнөрдүн бизге аты жеткен ана башы Санчы-сынчы болсо, ырчылардын пири Токтогул, чечендердин башында Жээренче турса, куудулдардын легендарлык түпкү өкүлү Алдар көсөө ж.б. дешке болот” (Акматалиев 2010, 341-342).

Айрым кыргыз булактарында Алдар Көсөнүн башка сөз чеберлери менен бирге көчмөндөрдүн философ акыны болгон Асан Кайгы мезгилинде жашагандыгы айтылат. “Кыргыз аңыз сөздөрүндө Асан Кайгынын замандаштары Жээренче чечен, Акыл Карачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Алдар Көсө болгон” (Акматалиев 2010, 283). Алдар Көсө тууралуу берилген башка бир булакта анын Асан Кайгы менен бирге Жаныбек хандын учурунда жашагандыгы айтылат. “Алдар Көсө –кыска аңгеме, уламыш, жөө жомок жүзүндө айтылып, фольклор боюнча Жаныбек хандын заманында жашап, Асан Кайгы, Жээренче чечендердин замандашы келет” (Асанов-Акматалиев 2004, 35). Бул айтылгандардан Алдар Көсөнүн Жаныбек хандын доорунда Асан Кайгы менен бир учурда жашаган каарман экендигин түшүнөбүз.

Кыргыздардын эң эски куудулдарынын бири катары эсептелген Алдар Көсөнүн куудулдук өзгөчөлүктөрү өзүнөн кийин келген куудулдардыкы менен орток мүнөзгө ээ. Күнүбүзгө чейин жеткен бир нече кыргыз куудулдук каармандарынын жүрүш-турушу, адамдык мүнөзү жана тамашалары жагынан Алдар Көсөнүн уландысы экендигин байкайбыз. Алдар Көсө да башка кыргыз куудулдары сыяктуу куудулдуктун жанында акын катары да таанылып, анын атаандашы менен айтышканы бар. Ушул жагынан Алдар Көсө башка түрк элдериндеги Алдар Көсөгө окшош типтерден айырмаланат. Куудулдардын ар түрдүү амалкөйлүк, куулук оюндары, каршысындагыны сөз же кыймыл менен жеңиши

башка түрк элдеринде кездешкендей эле, Кыргызстандагы Алдар Көсө окуяларында да көп учурайт.

Алдар Көсө окуяларында куулугу менен таанылган. Ушул себептен улам ага “алдаган” маанисинде “Алдар” деген ат берилген. Дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү боюнча болсо “Көсө” деп аталып калган. Бул каарманга окшош тип түрк оозеки адабиятында да бар. Ал да дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу “Көсе” катары атыккан. Кыргыз жана түрк оозеки адабиятынан башка түрк элдеринин фольклорунда да алдар Көсө ач көз, ичи тар байларды, соодагерлерди шылдыңдап, жарды адамдардын кызыкчылыктарын коргогон элдин өкүлү катары кабыл алынган.

Кыргыз эл арасында Алдар Көсө окуялары убакытка байланыштуу мазмундук өзгөрүүлөргө дуушар болсо да азыркы күнгө чейин жетип келген. Бул окуялардын биринде табиятынан сакалы жана муруту болбогон Алдар Көсө эмне үчүн көсө экендигин тамашага салып түшүндүрүп берет:

*Падыша Алдар Көсөдөн:*

*-“Эмнеге сенде сакал жана мурут жок?”-деп сураптыр.*

*Алдар Көсө:*

*-Апам Аллахтан кыз, атам болсо уул сураптыр. Аллах экоонун тең көңүлүн оорутпай, менин белимден ылдыйын эркек, жогорусун кыз кылып жаратыптыр. Ошондуктан менин сакалым, мурутум жок, -деп жооп бериптир* (İsmailova 2005, 49).

Алдар Көсө ырайымсыз жана каардуу башкаруучуларга каршыкүрөшкөн элдин өкүлү вазыйпасын да аткарат. Ал элдин кыял жана ойлорунун пай дубалын түзөт. Аны адамдардын эмгегин жеген заалымдардан, жаман, ач көз жана ичи тар байлардан, көзүн май баскан хандан, арамзаа, куйту уруулардан өч алууну арзуулаган элдин эзелден бери ойлогон тилеги жана максаты болгон бир каарман десек болот. Элдин мындай кыялы Алар Көсөнүн аткарган жумуштары жана куулуктары аркылуу иш жүзүнө ашкан.Запкы жеген эл тээ байыркы мезгилден тартып эле бир канча каарманга ушул кызматтыжүктөгөн. Мисалы, бир доордо Насреддин Кожо аткарган милдетти, башка бир доордо Алдар Көсөнүн мойнуна илишкен.

“Чыгарманын окуялары ар түрдүү, калктын турмушундагы ар кандай кезеңдерди, учурларды камтыган. Ошондуктан чыгармалар окуянын туундусу катары баалоо реалдуу (Асанов-Акматалиев 2004, 35).

Алдар Көсө тамашаларынын башкы идеясын коомдук жашоодо кездешкен терс көрүнүштөр жана конфликттердин жана адамдык кемчиликтердин сындалган түрдө сүрөттөлүшү түзөт. Алдар Көсө – куудул катары кыргыз эли тарабынан сүйүлгөн жана кыргыз оозеки маданиятында азыр деле жашаган тип (İsmailova 2005, 49).

Алдар Көсөнүн “Шайтанды алдаганы” окуясы кыргыз фольклорунда белгилүү. Ошол эле окуя казак жана түркмөн оозеки адабиятында да жалпы штрихтери менен окшошуп, окуяда шайтанды алдаган Алдар Көсөнүн чебер куудулчулугу мааниси жагынан бирибирине окшош түрдө баяндалат. Алдар Көсөнүн “Шайтанды алдаганы” төмөнкүдөй:

“Шайтан Алдар Көсөнү алдагысы келип, ал каерге барса, шайтан да анын артынан барат экен. Бир тойдо шайтан кары адам болуп кубулуп Алдар Көсөнүн жанына отуруптур. Салт боюнча койдун башы улгайган жана абройлуу кишилерге берилет экен. Шайтан өзүнүн кары экенин далилдеш үчүн:

-Жер жүзүндө жаныбарлар, курт-кумурскалар жаратылгандан жүз жыл мурун жарык дүйнөгө келдим,- дейт экен.

Алдар Көсө шайтандын бул сөзүн уккандан кийин ыйлап баштаптыр жана шайтанга кайрылып:

-Сенин дүйнөгө келгениңди ыраматылык атам айткан эле. Ошол күнү менин жигит уулум кайтыш болгон эле. Ошону эстеп кеттим. Ошого ыйладым, - деп жооп берген экен”. Адамдар Алдар Көсөнү шайтандан улуу экендигине ишенип койдун башын ага тартышкан экен (İsmailova 2005, 49)

Өтмүштөн бүгүнкү күнгө чейин ар доордо Алдар Көсөнүн окуяларынын формасында жана маанисинде элдин жашаган дооруна карай өзгөрүүлөр болгон. Колубуздагы чыгармаларды изилдегенибизде,алардагы окуялардын айрымдарынын кыскартылганын, айрымдарынын болсо башка окуялар менен байытылганын көрөбүз. Кээ бир окуяларда сюжет жыйынтыкталбай калса, кээ бирлеринде окуя ичинде бирден көп окуя кездешет. Мындай окуялар бир жагынан жөө жомоктук түзүлүшкө жеткен. “Алардан тоодон түшө элек, соода-сатыктын жайын биле элек байдын баласынан койлорун алдап алып жолго салчы, Чынарбайдын үйүнө барып, бай, байбиче казанда бышып жаткан этин чыгарып катып алып, аларды ачка калтырышы, байды кемпири менен алдап, кызы Шибегени жетелепжолго түшүшү, Алдар Көсөнүн карышкырды алдап колго түшүрүшү, аны капка салып көтөрүп алып, Көчпөсбай аттуу зыкым байга барып,“асмандан түшкөн касиеттүү ак кочкор” деп 500 койго сатып кетиши,ары зыкым, ары акылсыз, ач көз бай кой тукумунан көбөйтмөккө карышкырды кой короого кошо киргизип коюп, бүтүндөй коюн кырдырышы кызыктуу окуялардын түрмөгүн түзөт (Асанов-Акматалиев 2004, 35).

Бул окуялардын темасы жалпысынан соодагерлер, бай манаптар, жаш кыздар жана кемпирлер менен байланыштуу экени көрүнүп турат.Бул жагынан өзүнөн далай эле кийинки кылымдарда жашаган Жоошбай, Куйручук, Көкөтөй сыяктуу куудулдардын куудулдук окуяларынын темасы менен окшоштук көрсөтөт. “Баарынан да Алдар Көсөдөн өч алмакка издеп барган Көчпөсбайдын анын кызы деп, байдын кемпирин билип, кыз кийимин кийип отуруп калган өзүн алып кетип, анын колунан ажал табышы, дагы да байдын кызын жетелеп жолго түшүшү таң калыштуу окуяны түзөт” (Асанов-Акматалиев 2004, 35).

Кыргыз адабиятындагы Алдар Көсө каарманынын түрк оозеки адабиятындагы параллели – Көсе аты менен таанылган каарман. Бирок бул каармандын түрк оозеки адабиятына кантип, кандай жол менен киргендиги, кайсы мезгилде жашагандыгы тууралуу эч маалымат жок. Көсе каарманы Кыргызстанда жана башка түрк элдериндеги Алдар Көсө менен орток өзгөчөлөлүктөргө ээ. Ошентсе да, Түркияда Алдар Көсө айрым түрк изилдөөчүлөрү тарабынан түрк тамаша каармандарынан Бекташиге окшотулат. Бирок биз билген мүнөз өзгөчөлүктөрү менен Алдар Көсө жана Бекташи бири-бирине карма-каршы тамаша каармандары. Себеби Алдар Көсөнүн алдамчылык, айлакердик жана көз боёмочулугу Бекташиде такыр кездешпейт.

Жалпы жагынан алып караганыбызда, Түркияда Алдар Көсө Kırgız ve башка түрк элдери менен бир топ окшош өзгөчөлүктөргө ээ. Ансыз деле түрк изилдөөчүлөрү жасаган тамаша каармандарынын классификациясында да бул каарман бир гана Түркияга таандык каарман болбой, башка түрк элдери арасында да орток кабыл алынган тип болуп эсептелет. Анадолуда айтылган эл

жомокторунда Алдар Көсөнүн өзгөчө орду бар. Бул каарман Анадолу жомокторунда “Көсе” аты менен эскерилет. Кээ бир түрк изилдөөчүлөрү бул каарманды Бекташи каарманына окшотушат. Бекташи тамашаларында болгондой Көсөнүн тамаша жана жомокторунда да коом тартибиндеги каршылашуулар, адилетсиздиктер, конфликттер сындалат. Кээ бир жомок изилдөөчүлөрү Алдар Көсө учураган жомокторду чогултушуп, ушул каарман тууралуу айрым жыйынтыктарды чыгарышкан. Пертев Наили Боратавдын “Бар экен, жок экен” аттуу китебиндеги “Көсөнүн коёну” жана “Көсө, аяк канча?” аттуу жомоктору ушул каарманга таандык жомокторго мисал. Kırgız masalındaki çuval içindeki kurtla ağaya aldatan Aldar Köse, “Kösenin Tavşanı” adlı masaldaçuval içinden çıkan tavşanla misafrini aldatır. Жомокто Алдар Көсө бир коёнду капка салып алып талаага алып барат. Талаага баратып аялына: “Талаага бүгүн конок келет, тамак жаса,”- дейт. Түш ченде коногу келгенде, көсө коёнду каптан чыгарып: “Эжең тамак жасап, алып келсин,” – дейт. Коён тоону көздөй качып кетет. Бир аз убакыт өткөндөн кийин көсөнүн аялы талаага тамак алып келет. Көсөнүн коногу муну көргөндө коёнду сатып алат. Алдар Көсөдөй коёнду өз үйүнө жөнөткөн конок кеч киргенде коёндун үйгө кабар алып келбегендигин жана Көсөнүн өзүн алдаганын түшүнөт. Окуя Көсөнүн ушуга окшош амал-оюндары менен аяктайт (Boratav 1969, 306-314).

Ушул сыяктуу Түркиянын түрдүү жергесинде айтылган жомоктордо Көсө аты менен таанылган көптөгөн каарманга туш келүү мүмкүн. Бул жомоктордо да ал каарман Алдар Көсө сыяктуу айлакердиги жана каршысын алдагандыгы менен алдыга чыккан образ болуп эсептелет.

***Литература***

1. Акматалиев А. Кыргыз Адабияты: Тарых Жана Мезгил [Текст] / А. Акматалиев // Бишкек: Avrasya Jayıncılık. - 2010. - Б. 341-342.

2. Асанов Ү. - Акматалиев А. Мамлекеттик Тил Жана Энциклопедия Борбору [Текст] / Ү. Асанов - А. Акматалиев // Бишкек: Адабият жана Искусство Редакциясы. - 2004. - Б. 35.

3. İsmailova G. Kırgız Mizahı ve Mizahî Tipler [Текст] / G. İsmailova // İzmir: İrfan yay. – 2005. - Á. 49.

4. Boratav P.N. Az gittik, Uz gittik Hoca [Техт] / P.N. Boratav //Ankara: Bilgi Yayınevi. - 1969 - S. 306-314.